DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 9, 2020

Арабаев Ч.И.

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН УКУК ТАРМАГЫНДА КОЛДОНУЛУШУ БОЮНЧА АЙРЫМ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

Арабаев Ч.И.

НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА В ОТРАСЛИ ПРАВА

Ch.I. Arabaev

SOME PROBLEMS OF USING THE STATE LANGUAGE IN THE FIELD OF LAW

УДК: 340

Бул макалада жалпы таанымал илимий усулдар аркылуу атап айтканда тутумдук, тутумдук түзүмдүк, тарыхый ретроспективдүү талдоонун жардамы аркылуу Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн укуктук тутумунда, тактап айтканда укуктун тармактарында мамлекеттик тилдин калыптануусу, алардын өнүгүүсү, пайда болуу өзгөчөлүктөрү, көйгөйлөрү каралган. Аны менен бирдикте мамлекеттик тилдин укуктук тармакта бекилиши изилдөөгө алынган. Айта кетүү орундуу мамлекеттик тилге философиялык жактан жандашуу менен бирдикте улуттук маданияттын калыптануусундагы орду каралган. Юридикалык кесиптик билим берүүдө тийиштүү механизмдик изилдөөлөргө таянуу менен, укук тармагында колдонулган терминдерди кыргыз тилине толук кандуу өткөрүү сунушталган. Юридикалык жана башка турмуш чөйрөлөрүнүн өнүгүү тенденцияларына адекваттуу мамиле кылуу жана өлкөнүн өнүгүү келечектерин эске алуу менен билим берүү тутумуна керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси жөнгө салуу зарылчылыгы негизделген. Макаланын жыйынтыгында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары аныкталган.

***Негизги сөздөр**: Кыргыз Республикасы, мамлекеттик тил, кыргыз тили, адабият, акыл-ой, стратегия, мыйзам, укук коргоо органдары, билим, юридикалык кесип.*

В данной статье на основе общеизвестных методов научного познания, в частности системного системно-структурного, ретроспективных методов исследования проанализированы становление и развитие, особенности возникновения, проблемы государственного языка в системе национального права, в частности в отраслях права Кыргызской государственности. Наравне с этим проанализированы закрепления государственного языка в отраслях права. Необходимо отметить, наравне с определением места государственного языка в становлении национальной культуры, сделан философский подход к изучению государственного языка. Основываясь соответствующим механизмам преподавания юридического образования, предложено полнокровное перенесение терминов используемых в отраслях права на кыргызский язык. Обоснована необходимость внедрения в систему образования соответствующих изменений с учетом адекватного отношения тенденциям общественной жизни, сферы юриспруденции, и будущей страны. В конце статьи определены стратегические направления развития государственного языка.

***Ключевые слова**: Кыргызская Республика, государственный язык, литература, мысли, стратегия, закон, правохранительные органы, образование, юридическая профессия.*

In this article, on the basis of well-known methods of scientific knowledge, in particular systemic system-structural, retrospective research methods, we analyze the formation and development, features of occurrence, problems of the state language in the system of national law, in particular in the branches of law of the Kyrgyz state. Along with this, the consolidation of the state language in the branches of law is analyzed. It should be noted, along with determining the place of the state language in the formation of national culture, a philosophical approach to the study of the state language has been made.Based on the relevant mechanisms of teaching legal education, a full-fledged transfer of the terms used in the branches of the right to the Kyrgyz language is proposed. The necessity of introducing appropriate changes in the education system, taking into account an adequate relationship to the trends of public life, the field of jurisprudence, and the future of the country, is justified. At the end of the article, strategic directions for the development of the state language are identified.

***Key words:** Kyrgyz Republic, state language, literature, thoughts, strategy, law, law enforcement, education, legal profession.*

Кыргыз Республикасын мамлекет катары негиздөөчүсү, өлкөнүн ээси – анын эли. Мына ошол элдин бири-бири менен пикир алышуучу эң негизги куралы – тил. Бүгүнкү күндө тилдин чыгышы жөнүндө ар кандай теориялар бар. Андай теориялардын бизге жакындан белгилүүсү «эмгек адамды түздү, эмгексиз жашоо жок» деген Марксистик теория. Анткени, адамдардын биргелешип эмгектенүүсү бири-бирине

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

бир нерсе айтуу зарылдыгын пайда кылат. Тил барабара муунактуу бир тыбыштын артынан экинчи тыбышты айтууга жарап, эмгектин өнүгүшү менен акыл-ой өсүп, тил менен ой бири-биринен ажырагыз байланышты түзөт.

Түркүн ойлор адамдын аң-сезимин өстүрүп, тилдин материалдык базасынын негизин байыта баштайт. Тилдин жаралыш тарыхын өз мезгилинде совет мамлекетинини негиздөөчүлөрү В.И. Ленин менен К.Маркс мындай деп баса белгилешкен «Тил адам баласынын өз ара катнашынын маанилүү куралы болуп саналат», «Тил – ойдун тикеден-тике чындыгы» [1, 123-б.].

Чындыгында эле адамдардын бири-бири менен пикир алышуучу эң негизги жана башкы куралы – тил эмеспи. Тил адамдардын пикир алышуучу куралы гана болбостон, акырындап өз ара мамиленини да каражаты катары адамдар түзгөн коомдук мамиленин өйдө ылдыйын, жакшы жаманын бирге тартып келет, башкача айтканда тилсиз коом да болушу мүмкүн эмес экендиги бул аксиома.

Ошентип, коомдун өнүгүшү менен дүйнөдө ар кандай элге жараша тил да өсүп өнүгүп, тилине жараша элге бөлүнүп баштайт. Бул туурасында Советтик тоталитардык мезгилге карабай Кыргыз элинин белгилүү жазуучусу Н.Байтемиров мындай деп жазган экен: «Дүйнөдө сандаган эл бар. Анын элдигин, башкачалардан бөтөнчөлүгүн белгилеп турган баарыдан мурда – тили. Так ошол тилден калган жактары чыгат. Тилине жараша дили, дилине жараша тили..... Миң жылдар бою басып, тагдырдын ысыгын, суугун ачуусун, таттуусун кескен, кечкен, таткан, тулкуна синирген, далай өчүп, далай жанган, далай көктөп, далай какшыган кыргыз дили, кыргыз тили башынан эле бай экен.....».

Өткөн тарыхыбызга таянсак кыргыздар байыркы эл катары белгилүү, ал эми кыргыз тили кыргыз элинин байланыш-катнаш куралы болуп, байыркы замандан келе жаткандыгында эч шек жок. Кыргыз коомунун өсүп-өнүгүшү менен бирге өзүнүн бүткүл жашоо доорунда кыргыз тили тынымсыз өнүгүп, кыргыздардын күнүмдүк турмуш тиричилигинде гана эмес, «Манас» баштаган элдик оозеки чыгармачылыгын байытып, сактап келген.

Улуу жазуучубуз Ч.Айтматов мезгилинде мындай деп айткан экен дүйнөлүк поэзиянын океаны «Манасты» жараткан «жазуусуз» кыргыз эли мурда өзүнүн улуттук жазма адабий тилине ээ боло албаса да, аны оозки түрдө ооздон-оозго өткөрүп сактап келүү менен өзүлөрүнүн ой жүгүртүүсүнүн, акыл тутумунун күчтүүлүгүн көрсөтө алган. Тактап айтканда, революцияга чейинки мезгилдерде эле кыргыз тилинде, негизинен, кол жазма түрүндө калк арасына таралган көбүнчө ыр түрүндөгү чыгармалар (мисалы, Молдо Кылычтын, Тоголок Молдонун, Молдо Нияз ырчынын, Ысак Шайбеков жана башкалардын ырлары, санаттары, казалдары) жаралган. «Манас» океан эпос болгону эчен бир доорлор сүрүлүп, замандан-заман алмашты. Мезгил закымында эчен бир өмүр көчтөр өттү сапырылып. … Кезинде кыргыз өсүп-өнүгүүнүн не бир бийик чектерине чыгып, ооматы артып, атагы дүйнөгө дүңгүрөп, улуу каганат, улуу мамлекет болуп турган учуру болду. Айткан сайын орошондоп турган тунук булак көзү мөлтүлдөп ачылгандай орошондоп, акыл чабыты шаңшый чыгып, дамамат бакыбат ой демей келип турат. Эпос жөнүндөгү орошон ойдун улам бир тамчысынын кагазга түшүп, элге тартууланып турганын өзү чоң каниет» [2, 3-б.].

Айтылган залкар ойлордун учугун андан ары улай турган болсок кыргыз коомунун өсүп-өнүгүшү менен бирге өзүнүн бүткүл жашоо доорунда кыргыз тили тынымсыз өнүгүп, лексикалык каражаттары өркүндөп, байып келген.

Өткөн кылымдагы Октябрь революциясы, же Совет доору келгенгенге чейин эле кыргыз тили негизинен эки чоң иш-милдетти аткарып, биринчиден кыргыздардын күнүмдүк турмуш тиричилигинде пикир алышуунун каражаты катары колдонулса, экинчиден элдик оозеки чыгармачылыктын тили болгон. Кыргыз тилинде элдик оозеки чыгармачылыктын бай үлгүлөрү гана жаралбастан, аны оозки түрүндө ооздон-оозго өткөрүп сактап да келген. Мунун өзү кыргыздардын ой жүгүртүүсүнүн, акыл-эс тутумунун бийиктигин, тилдин касиетин, тилдин күчүн, анын канчалык деңгээлде бай экендигин ачык көрсөтө алган.

Ал эми Совет мезгилине келсек кыргыз тили улуттук тил катары жогорку деңгээлде өсүп өнүгө алган жок. Ошондой болсо дагы 70 жыл ичинде жазма адабий тил, кыргыз тилинин лексикалык, фонетикалык, грамматикалык жана башка тилге тиешелүү болгон көптөгөн маселелери чечилип, кыргыз тилине байланыштуу болгон жакшы иштер жазалгандыгын билебиз. Кыргыз тилинде толгон токой адабий, илимий жана башка чыгармалар жаралды, айылдык, райондук деңгээлде иш кагаздар кыргыз тилинде жүргүзүлгөн, орто мектептерде жана айрым жогорку окуу жайларда окутуу да кыргыз тилинде окутулган.

Чындыгында кыргыз тили – кыргыз элинин улуттук тили, кыргыз тили өнүгө ала турган бирденбир мамлекет – Кыргыз Респуликасы болсо дагы өткөн XX кылымда, союздук республика кезинде дээрлик иш кагаздары, өкмөт жыйындары жана андан

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

төмөнкү деңгээлдеги бардык расмий жыйындар, көчөдөгү бардык көрнөк-жарнактар, товарлардын аталыштары, эл аралык сүйлөшүүлөр, тейлөө кызматы орус тилинде жүргүзүлүп, орусча сүйлөгөн Кыргызстанда модага айланып, тили бирдин-дили бир деген элибиздин акылман осуяттарын ишке ашыра албадык, тилибиз достуктун бийик көпүрөсү боло албады, кыргыз тилинин өсүп өнүгүшүнө мамлекет тарабынан маани берилбей келген.

Ошондой болсо кыргыз тили мамлекеттин тили болушу керек деген терең ой пиркирлерин билдирип, айрым оппоненттеринин мамлекеттик тил башка тилдерди кемсинтип же басынтып койот дегенине карабай залкар жазуучуларыбыз Түгөлбай Сыдыкбеков, Чынгыз Айтматов, Төлөгөн Касымбеков жана башка заманыбыздын мыкты атуулдары тынбай көтөрүп келишкен. Тоталитардык мезгилге карабай Ч.Айтматовдун 1987-жылы Республикалык илимий-практикалык конференцияда жазаган доклады мунун айкын далили. Ал өз сөзүндө “бирөөнү бирөө муктаждай албашы түшүнүктүү, бирок эл тарыхынан улуттук аң-сезимди бөлүп алып, анан калса энен тилинен баш тартууга чакырып, шыкактоонун кереги жок. Бул кантип чындыкка коошсун, бул акыры келип өз ата-энесинен баш тартуу дегендикке тете деп белгилейт. (Ал орус тилинде мындайча берилген «Принуждать, разумеется никто никого не может, но и освобождать сознание нации от своей истории, тем более призывать, поощрять отказ от родной речи тоже не следует. Это почти то же, что отказ от собственных родителей») [3, 2-б.].

Мына ушундай таамай айткан улуу сөздөн кийин, коомчулуктун катуу таасири менен Кыргызстанда 1989-жылдын 23-сентябрында "Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз ССРинин мыйзамы кабыл алынган [4, 141-б.].

Кыргызстан эгемендике ээ болгондон кийин баш мыйзамыбыз болгон Конституцияга да Кыргыз тили Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил болуп саналат деген атайын укуктук ченем бекитилген. Мындай укуктук ченемдин Конституцияда каралышы биринчи кезекте Кыргыз мамлекети үчүн, анын башында турган мамлекет башчылары, бардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн, ошондой эле Кыргызстандын ар бир жаранынын кыргыз тилин мамлекеттик тил катары сөзсүз билиши керек деген милдетти артып турат.

Анда эмне үчүн мыйзам 1989-жылдын 23-сентябрында, 30 жыл мурун кабыл алынса да бүгүкү күнгө чейин кыргыз мамлекеттинин негизин түзгөн элдин тили Кыргызстанда жакшы деңгээлде өнүгө албай келет. Кыргыз тили канткенде чыныгы мамлекеттик тил болот? Деги койчу бул жылдар аралыгында канчалаган мамлекттик каржылар каралды, илимий изилдөөлөр жүргүзүлдү, кандай гана кооз сөздөр айтылды, Өкмөт тарабынан далай чечимдер кабыл алынды.

Мен эми анын баарына токтолбой эле, юрист-окумуштуу катары Кыргыз тили укуктук тажрыйбада, юриспруденцияда мамлекеттик тил катары кандай колдонулуп жаткандыгы жана андагы айрым көйгөйлөргө талдоо жүргүзүү менен жеке пикиримди, сунуштарымды билдирүүнү чечтим.

Биринчиден, мени терең түйшөлткөн бүгүнкү күндөгү кырдаал өлкөбүздөгү билим берүү тутуму дүйнөлүк керектөөлөрдөн гана эмес, ошондой эле, Кыргызстандын коомунун өз керектөөлөрүнөн да дайыма артта калуусу менен мүнөздөлөт. Бул жаатта юридикалык билим берүүнүн деңгээли деле ушуга жакын, айрыкча мамлекеттик тилде.

Биздин өлкөдө юридикалык билим берүүнүн кечээки, бүгүнкү жана келечегине көз чаптырсак. Эгерде кыргыз тилинде юридикалык билим берүүнүн кечээкисине кайрыла турган болсок, анда Совет мезгилинде юридикалык билим берүү бир гана орус тилинде жүргүзүлгөн, кыргыз тилиндеги окуу китептер, усулдук окуу куралдар жокко эсе болгон. Баардык окуу куралдар орус тилинде Союздук билим берүү стандарттарына ылайыкталып Москва, Ленинград, Свердловск шаарларында жайгашкан жогорку окуу жайларынын юрист-окумуштуулары жазган окуу китептер, усулдук окуу куралдар менен камсыздалчу жана жетиштүү деңгээлде болоор эле. Ата-мекендик юрист-окумуштууларыбыздын Совет мезгилинде окуу китептерин, усулдук окуу куралдарды жазып даярдоодо мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон.

Мамлекеттик тилде юридикалык билим берүүнүн бүгүнкүсүнө токтоло турган болсок, анда союз мезгилине салыштырмалуу бир аз жакшырып калды деп айтсак болот, бирок жасалып жаткан иштер, кыргыз тилин өнүктүрүүгө байланышкан иш чаралар дагы да болсо ич жылытаарлык деңгээлде эмес. Ошондой болсо дагы мамлекттик тилде айрым окуу куралдар жазылып жарык көрдү, бүгүнкү күндөгү мамлекеттик стандартка ылайыкталган окуу китептер, усулдук окуу куралдар жазылып жарыкка чыкты, толук болбосо дагы формалдуу түзүлгөн тайпаларда сабактар мамлекттик тилде өтүлө баштады. Мунун өзү жетиштүүбү же жокпу, албете жетишсиз. Юридикалык билим берүү чөйрөсүндөгү башкы артыкчылык студенттерге мамлекеттик тилде юриспруденциянын тили менен кең-кесири билим берүү болуп саналат.

Жогорку окуу жайды бүтүрүүчүлөр укук коргоо,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

сот органдарына жана башка практикалык кызматтарга барганга чейинки билим берүү үчүн негизги милдет студенттерге мамлекеттик тилде юридикалык билим берүүнүн деңгээлин кыйла жогорулатуу болуп саналат. Мамлекеттик тилде билим берүүнү жакшыртуу үчүн бүгүнкү күндүн талабына ылайык юриспруденциянын бардык тармактары боюнча мамлекеттик тилде талапка ылайык атайын иш чараларды, биринчи кезекте окуу куралдарын, атайын усулдуктарды, адабияттарды, мыйзам актыларын сабак өтө турган темага ылайыктап мамлекеттик тилде берүү керек. Мезгил талабына ылайык юриспруденция тармагында билим берүү жок эле дегенде 80% кыргыз тилинде болууга тийиш. Ошондо гана кыргыз тили мамлекеттик тил катары юриспруденция тармагында билим берүү боюнча өзүнүн ролун толук аткарат деп айтасак болот.

Мамлекеттик тилде юридикалык билим берүү келечекте кандай болуусу керек жана мамлекеттик тилде юридикалык билим берүүнү кантип жакшыртуу керек. Эң алгач юридикалык билим берүүнүн мазмунун кайра карап чыгуу менен ал жаңы муундагы предметтик стандарттарды киргизүү менен толукталышы абзел. Андан соң жаңы муундагы предметтик стандарттарга ылайык жаңы окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорунун жана электрондук окуу-комплекстик материалдарды даярдоо менен тийиштүү өлчөмдө студентерди камсыздоо керек.

Мамлекеттик тилде юридикалык билим берүүнүн сапатын көтөрүү үчүн жогоруда аталгандардан кийинки негиз болуп профессор-окутуучу кадрлардын билим деңгээлин кайрадан окутуу менен көтөрүү саналат. Профессор-окутуучулардын билим деңгээлин кайрадан окутуу менен көтөрүү алардын укугу эмес милдети болуп калышы абзел.

Ошондой эле юридикалык билим берүүнү аламдашуу доорунда биздин окуу жайдагы студенттерибизге жаңы маалыматтык технологияларды колдонууга байланышкан шарттарды түзүүгө басым жасоо зарылдыгы келип чыгат, аларга биринчи кезекте студенттерге жана профессор-окутуучуларга окуу жана окутууну тандоодо интерактивдик усулдукту пайдалануу менен аларга кеңири эркиндик берүү.

Юридикалык кесиптик билим берүүдө тийиштүү механизмдик изилдөөлөргө таянуу менен, изилдөөдө коомдун жана билим берүү тутумунун абалы аныкталууга тийиш, ошондой эле юридикалык билим, илим тармагында колдонулган терминдерди кыргыз тилине толук кандуу өткөрүү. Юридикалык жана башка турмуш чөйрөлөрүнүн өнүгүү тенденцияларына адекваттуу мамиле кылуу жана өлкөнүн өнүгүү келечектерин эске алуу менен билим берүү тутумуна керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси жөнгө салынышы керек.

Жыйынтыктап айтканда юридикалык билим берүү ишмердиги өлкөдө келечекте кабыл алына турган укуктук саясат концепциясынын артыкчылыктуу багыттары катары каралуу менен билим берүү тутумун өнүктүрүү стратегиясында төмөнкү сунуштар эске алынса деген ойдобуз:

- юридикалык билим берүү багытындагы бардык иш чараларын ар бир адамдын жөндөмүнө жана керектөөсүнө жараша сапаттуу негизги жалпы билим берүүгө кепилдикке алынган жеткиликтүүлүктү жана билим берүүнүн башка деңгээлдерине бирдей жетишүүнү камсыз кылуу;
- эл арасында укук тармагынын колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү үчүн өлкөнү инновациялык өнүктүрүүнүн маанилүү ресурсу катары юридикалык билим берүү системасынын бардык деңгээлдеринде таланттуу жаштарды колдоо;
- үй-бүлө жана коомдоштук менен тең укуктуу жана тыгыз кызматташтыкта өлкө-бүздүн татыктуу жаранын тарбиялоону камсыз кылуу;
- өзгөчө муктаж болгон балдарга билим берүүгө басым жасоо менен юридикалык билим берүүнүнүн бардык баскычтарында окутууга инклюзивдүү мамилени киргизүү;
- юридикалык билим берүү шарттарына теңдештирилген мамилени эске алуу менен уктук жактан билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде жана баскычтарында юридикалык билим берүүнү натыйжалуу бөлүштүрүүнү камсыз кылуу;
- юридикалык кесиптик чеберчилигин дайыма өркүндөтүү аркылуу жана коомдо жогорку макамы бар квалификациялуу кадрларга ээ болуу;
- кеңири академиялык жана чарбалык өз алдынчалуулукка ээ жана көрсөтүлүүчү юридикалык билим берүү кызматтарынын сапаты үчүн жооп берген билим берүү уюмдарынын оптималдаштырылган тармагына ээ болуу;
- юридикалык билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде сапаты кепилденген механизмдерин чыңдоо үчүн укуктук билим берүү уюмдарынын иштерине мониторинг жүргүзүү жана баа берүү тутумуна ээ болуу.

Экинчиден, укук тармагына тиешелүү болгон бардык мыйзамдар мамлекеттик тилде гана болбостон, анда камтылган укук түшүнүктөрүн колдонмо усулдар аркалуу пайдалануу чөйрөсүн кеңейтүү негиздерин калыптандыруу зарыл. Бул жерде эң баш-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

кысы ал мыйзам актыларга түшүнүк берүү жана мыйзам актыларынын долбоорун даярдоодо мыйзам жазуу техникасынын лингвистикалык аспектилери катары салттуу өңүттөн жазууга үйрөтүү. Мыйзамдын тили – бул адабияттык, тактап айтканда тилдин ченемдерине салынган орфогафиялык, пунктациялык жана грамматикалык эрежелер талабына төп келген тил. Ал эми юридикалык тил лингвистика илиминде жалпыга таанымал жобо катары – башка подстилдер менен катар эле, адабий тилдин подстилдеринин бири, ошондуктан, юридикалык тилге болгон лингвистикалык мамиле аны адабий ченемдүүлүккө алып келет.

Мамлекеттик тилдин маани-маңызы качан гана аны колдонуучулар, башкача айтканда, жалпы элдик (улуттук) тилдин негизинде калыптанып, белгилүү бир ченемге салынган, айтылышы, жазылышы, колдонулушу такталган, айтылуучу ойду даана бере ала турган, коомдун бардык өкүлдөрүнө тиешелүү болгон адабий тилде болгондо гана ачылат.

Адабий тил – улуттук тилдин эң жогорку формасы эмеспи. Чындыгында мамлекеттик тил юридикалык чөйрөгө кандай кызмат кылат, дегеле кыргыз тилдин укуктук иштерге кандай пайдасы бар, адабий тилдин ченемдери бул чөйрөдө кандай сакталат деген суроо жаралат, мына ушуга токтолсом.

Биринчиден кыргыз тили – мамлекеттик тил катары, абийир, ар намыс жана инсандын ишкердик абройуна шек келтирүүнү (мазактоо, ушактоо ж.б.), автордук укукту ж.б.у.с. адамды коргоо жөнүндөгү мыйзамдар боюнча юридикалык жөнгө салуунун объектиси болот.

Экинчиден, тил – мыйзам чыгаруу ишинде, талкуу боюнча ишкердүүлүк каражат катары колдонулат.

Үчүнчүдөн, тил – укуктук колдонуу ишкердигинин объектиси же каражаты, мыйзамдардагы юридикалык текстерди түшүндүрүүнүн тили, тергөөнүн жана сот акыйкаттыгын жүзөгө ашыруунун тили (протоколдордун, адвокаттардын сөзү ж.б.) болот.

Төртүнчүдөн, тил – юридикалык илим билимдин каражаты. Мамлекеттик тилде юридикалык билим берүүнүн бүгүнкү абалы жогоруда айтылгандардан башка дагы көптөгөн иш чараларды камтыган азыркы талаптарга ылайык келген улуттук билим берүү тутумуна муктаж.

Кыргыз тили – мамлекеттик тил катары жакынкы келечекте жашоонун бардык тармактарында кең-кесири колдонулгудай болушу зарыл. Мамлекеттик тилди билбеген жарандар мамлекеттик кызматка алынбашы керек. Кыргызстандын бардык жарандары кандай гана мекеме болбосун суроо-талаптарына кыргызча жооп алгыдай болушу, ал эми бардык расмий жыйындар, аны ичинде Өкмөттүк деңгээлдеги расмий жолугушуулар, мамлекет жана эл аралык сүйлөшүүлөр, башка жыйындар, көрнөк-жарнактар, товарлардын аталыштары, тейлөө кызматы кыргыз тилинде жүрүшү керек.

Жогоруда баяндалган айрым көйгөйлөрдү талдоону жыйынтыктап келсек Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – кыргыз тили өнүгө ала турган бирден-бир мамлекет бул Кыргыз Республикасы. Кыргыз тили да мамлекеттик тил катары өнүп-өсүүсү менен Кыргызстандагы элдердин жарандык сезимин калыптандыруу мидетин гана аркалабастан, башка элдерди да кыргыз элинин тегерегине бириктире турган улуттук маданиятынын туу чокусу аталган ыйык парзды таатыктуу аткаруусу абзел.

Адабияттар:

1. Канцельсон С.Д., Краткий очерк языкознания. - Ленинград: ЛГУ, 1941. - С.123.
2. Байтемиров Н. «Тил … Дил». // Советтик Кыргызстан. №141(19042) 18-июнь, 1988. - 3-б.
3. Айтматов Кыргызстан маданияты гезити 17-декабрь, 1987. - 2-б.
4. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ведомосттору, 1989, N17. – 141-б.